# АЙЫЛЫМ-АЛТЫН ТУРАГЫМ

**Болот Мамбетов айыл аймагынын маалымат баракчасы**

№ 1- чыгарылышы, Октябрь айы 2014-жыл



Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы И.К.Көөкөров

## Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын кайрылуу сөзү

*Урматтуу Болот Мамбетов айыл аймагынын тургундары!*

***Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн карамагында турган маалыматтарга жетүү укугун жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кылуу, маалыматтардын толук ачыктуулугуна жана айкындыгына жетишүү максатында айыл өкмөтт 2014-жылдын 9 айында аткарган иштери тууралуу ушул маалыматтык баракчаны сиздерге сунуштап жатабыз. Маалымат баракча мындан ары эл менен айыл өкмөттүн ортосундагы ишенични бекемдеп, андагы маалыматтар элибиздин купулуна толот деп толук ишенемин.***

## Айыл өкмөттүнүн ишинин негизги багыттары

Айыл өкмөттүн негизги күч аракети айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү милдеттерин чечүүгө багытталды. Алар, айыл аймакты 2013-2017-жылдарга Өнүктүрүү стратегиясынын иш-чараларынын пландарында аныкталган. Аталган иш-чаралардын пландарында өзгөчө көңүл, айыл чарба продукциясын өндүрүү көлөмүн көбөйтүүгө, айыл чарба продуктуларын өнөр жайлык кайра иштетүү боюнча чакан ишканаларды түзүүгө, ички резервдерди сарамжалдуу пайдаланууга, орто жана чакан ишкердикти өнүктүрүүгө, инвестицияларды тартууга, калктын реалдуу кирешелерин көбөйтүүгө жана кедейчиликтин деңгээлин кыскартууга багытталды. Ошондой эле айыл өкмөттүн муниципалдык менчигиндеги имараттардын жана курулуштардын күтүлүшүнө, ремонт иштеринин жүргүзүлүшүнө көңүл бурулууда.

## 2015-жылдын бюджетинин долбоору боюнча коомдук угуу өткөрүлдү

Ушул жылдын 5-июнунда Эшперов айылындагы маданий-спорт сарайдын имаратынын жыйындар залында, айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын бюджетинин долбоору боюнча коомдук угуу өткөрүлдү.

Коомдук угууда 2015-жылдын жергиликтүү бюджетинин долбоору боюнча элге маалымат жеткирилди, долбоор боюнча суроолорго жооптор берилип, сын-сунуштар кабыл алынды.



## Калкты социалдык жактан коргоо боюнча иштерди арбын жүргүзөлү

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн саны 190 үй-бүлө же калктын 14,3% түзөт. Жакыр адамдарды колдоо максатында айыл аймактагы өтө жакыр 16 адамга демөөрчүлөр бекитилген. Аймакта 4 пескоблок чыгаруучу менчик ишкана иштеп, 12 адам иш менен камсыз болгон. Жайкы мезгилде элдин малын багып,айыл аймак боюнча 40 адам иш менен



камсыз болгон. ФПС тин жеринен аз камсыз 5 үй-бүлөөгө, афган согушунун 4 катышуучусуна арзандатылган ставка менен ижарага жер берилген.
2013-2014- окуу жылында мектепти аяктаган 2 томолой жетим балага "Кумтөр" тарабынан каржыланып, окуу үчүн № 27-лицейге айыл өкмөт тарабынан жолдомо берилди. Эшперов айылынын тургуну, томолой жетим бала Намазаалы у Абил азыркы учурда №27 лицейден окуп, практикасын "Кумтөрдөн" өткөрүп, маяна алып, өзүнүн жашоо шартын ондоого жетишти.
Эшперов айылынан 100, Жер-Үй айылынан 42,аз камсыз үй-бүлөөлөр тарабынан 7 км канал казуу иштери жүргүзүлүп, "Айыл жериндеги демилгелерди колдоо жана өнүктүрүү борбору" (ЦАРСИ) тарабынан 37,5 тонна ун жана суу май акысы үчүн берилди. Эшперов айылында иштеген бир адам 7696 сомдук жалпы суммасы 769 952сом, Жер-Үй айылында иштеген бир адам 9 608 сомдук, жалпы суммасы 482 852 сомдук азык-түлүк алышты.

## Жайыт мыйзамы иштеп жатабы?

Кыргыз Республикасы тарабынын кабыл алынган "Жайыт жөнүндө" Мыйзамына ылайык жергиликтүү жамааттын же мал ээлеринин жана башка жайыт пайдалануучулардын жайыттарды пайдалануу жана аларды жакшыртуу боюнча таламдарын талашуучу коомдук уюму катары жайыт пайдалануучулар бирикмеси уюшулан, анын аткаруучу органы-жайыт комитети эсептелет (башчысы Акматов К.Т.) 2014-жылдын 1-январынан тартып 30-июнга чейинки мезгилде жайыт комитети төмөнкү суроолорду караган:

-Бюджет;
-Жайыт төлөмдөрдүн тарифтери;
-Курулуш иштери
-Көчүү, конуу графиги;
-Жайыт жерлерди көзөмөлдөө.

## Жеке ишкердикти өнүктүрсөк турмуш оңолот

Айыл аймакта орто жана чакан (жеке ишкердиктин) бизнестин 80%ти чекене товар жүгүртүүдөгү соода тармактарына тиешелүү, калаган 20%ти дары-дармектерди сатуу, кийим тигүү, ГСМ сатуу, пескоблок чыгарып сатуу тармактарынан куралып 2014-жылдын 9 айында бизнес чөйрөсүндө 4,250 миң сомго товар жүгүртүлдү.



## Таза суу XXI кылымда

Айыл аймакта 4 ИСКАКБ (ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси) алар: "Тараба", "Албекус", "Жер-Үй" жана "Бешкудал") таза суу системасын башкарат, иштетет жана жарактуу кылып кармап турат. ИСКАКБлер боюнча суу менен камсыздоо трассасынын узундугу 27 202 метр. Суу топтоочу кампанын (резервуар) көлөмү 724м$^3$. Суу калонкалардын жалпы саны 114 даана, анын ичинен: иштегени 98. Иштебей, ремонт талап кылгандары 16. Турак жай, имараттарга киргизилген суу түтүктөр 80. Бирикмелер суу менен камсыз кылуу системасын ремонттон өткөрүү үчүн тетиктерди алууга жана техникаларды жалдоого жыл башынан бери 54 058 сом бөлгөн. ИСКАКБлер айыл аймактагы калкты сапаттуу ичүүчү суу менен камсыз кылуучу айыл өкмөттүн потенциалдуу жана стратегиялык маанидеги өнөгү катарында, төмөндөгү иштерди аткаруу алдыда турат:

- ичүүчү таза сууну чыныгы керектөөгө ылайык тарифтик саясатты бекитүү;
- ондоо иштерин жүргүзүү;
- ичүүчү таза сууну пайдаланганууучулардын чыныгы санын аныктоо;
- короолорго жана үйлөргө киргизилген суу түтүктөргө эсептегичтерди орнотуу;
- ичүүчү таза сууну пайдаланышы тууралуу коомдук угууларды өткөрүү.

## КУРУЛУШ

Ысык-Көл өнүктүрүү фондусунун 2 млн 700 миң сомдук каржылоосу менен М.Дөгдүров орто мектебинин кошумча класстык имаратынын курулушу жүрүп жатат. Бул курулуш 2014-жылы майда башталып, 2016-жылы пайдалууга берилет.



## Муниципалдык объектилеринин реестрин билип алыңыз

| № | Обьектинин жана кошумча курулуштардын аталышы | Жайгашуу ордунун дареги | Ишке киргизилген жылы | Обьекттин жана кошумча курулуштардын аянты (М$^2$) | Обьекттин чыныгы наркы (миң сом) | Пайдалануучу жетекчинин А.А. | Пайдалануунун түрү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Дөгдүров орто мектеби** | Эшперов | 1972 | 30789,0 | 232,5 | Муратбеков Н. | Оперативдүү башкаруу |
| 2 | **Жамгырчиев орто мектеби** | Көк-Сай | 1951 | 12260.0 | 258,2 | Сылымов С. | Оперативдүү башкаруу |
| 3 | **Турусбеков орто мектеби** | Ак-Сай | 1981 | 25936,2 | 3327,1 | Жылкыбаев М. | Оперативдүү башкаруу |
| 4 | **Көлбаев орто мектеби** | Көк-Сай | 1980 | 13806,74 | 587,9 | Турдакунов А. | Оперативдүү башкаруу |
| 5 | **СВА** | Эшперов | 1982 | 1106,2 | 221,4 | Алыбаев А. | Оперативдүү башкаруу |
| 6 | **ФАП** | Ак-Сай | 1982 | 707,8 | 82,8 | КыдырмышоваТ. | Оперативдүү башкаруу |
| 7 | **ФАП** | Көк-Сай | 1992 | 991,0 | 55,9 | Байниязова Т. | Оперативдүү башкаруу |
| 8 | **Мончо** | Эшперов | 1993 | 2815,8 | 92,2 | Эшперов Ж. | Чарбалык башкаруу |
| 9 | **ФАП** | Жер-Үй | 1992 | 975,0 | 129,8 | Борончиева Г. | Оперативдүү башкаруу |
| 10 | **Мончо** | Ак-Сай | 1993 | 2160,7 | 97,1 | Сыдыкбеков К. | Чарбалык башкаруу |
| 11 | **Маданий-спорт сарай** | Эшперов | 1994 | 1000,0 | 2206,2 | Белеков Т. | Чарбалык башкаруу |
| 12 | **Клуб** | Ак-Сай | 1988 | 765,0 | 1612,3 | Рысалиев Э. | Чарбалык башкаруу |
| 13 | **Клуб** | Көк-Сай | 1992 | 991,0 | 167,80 | Асаналиев У. | Чарбалык башкаруу |
| 14 | **Клуб** | Жер-Үй | 1992 | 975,0 | 389,5 | Кытанов С. | Чарбалык башкаруу |

Айыл өкмөттүн башкаруусундагы жана тескөөсүндөгү муниципалдык обьектилер жергиликтүү бюджетке кирешелерди алуучу булак катары кызмат кылат, себеби, ушул обьектилер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл обьектилер болуп саналат. Муниципалдык обьектилерди күтүүгө жергиликтүү бюджеттен 2014-жылдын 1-январынан тартып 30-сентябрга чейинки мезгилде **254,3** сом жумшалды.






## Щвейцария Өкмөтү Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрилиги менен өнөктөштүктө каржыланган жана Өнүктүрүү саясат институту бизге көйгөйлөрдү чечүүгө өнөктөш болууда

2014-жылы май айында Өнүктүрүү саясат институтунун “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс долбоору алкагында Болот Мамбетов айыл аймагы боюнча элет көйгөйлөрүн биргеликте аныктоо жыйындары өткөрүлдү. Жыйындарга баардыгы 255 адам катышты, анын ичинен: Эшперов айылынан 70 адам, Ак-Сай айылынан 69 адам, Көк-Сай айылынан 70 адам, Жер-Үй айылынан 46 адам катышты. Айыл аймагындагы төмөнкү көйгөйлөр артыкчылык алды:

1. *Айыл ичиндеги таштандыларды чогултуу жана ташып чыгуу маселеси (86топ)*
2. *Эшперов жана Ак-Сай айылдарында мектепке чейинки балдардын билим алуусунун жүргүзүлбөгөндүгү (78 топ)*
3. *Айыл аймагындагы айылдарынын ички жана жайытка кетүүчү жолдорунун начар абалы. (48 топ)*
4. *Көк-Сай жана Ак-Сай айылдарында 2869 адамдын таза суу менен камсыз болуусунун жетишсиздиги. (50 топ)*
5. *Жер-Үй жана Көк-Сай айылдарындагы 12-45 жаштагы жарандардын маданий-спорттук эс алуусунун шартынын түзүлбөгөндүгү (33 топ)*
6. *Эшперов айылындагы жарандардын маданий эс алуусуна толук шарт түзүлбөгөндүгү (19 топ)*
7. *Айылдарында жашылдандыруу-көрктөндүрүү иштеринин аткарылышынын начардыгы (18 топ)*
8. *Жер-Үй айылына “Кара-Теке” мөнгүсү аркылуу сел жүрүү коркунуч абалынын көзөмөлгө алынбашы (12 топ)*
9. *Бюджет тууралуу маалыматтын элдерге жетишсиздиги. (11 топ)*
10. *Айыл өкмөттүн иши жөнүндө маалыматтын элге жетишсиздиги (10 топ)*

Жогорудагы аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөр боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери, айылдык лидерлер, активистер эл менен чогу иштешибиз керек.

## Айыл өкмөттүн паспорттук маалыматы

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Тоң району, Болот Мамбетов айыл өкмөтү, Эшперов айылы, Б.Акунов көчөсү-49. Индекс 722303. Тел/Факс, Эл.почта bmambetovao @mail.ru
Эл почта: 6-00-29, 6-01-49.

Болот Мамбетов айыл өкмөтү Балыкчы-Каракол автожолуна туташ орун алып, Тескей тоо кыркаларынын этегине жайгашкан.

Райондун борбору Бөкөнбаев айылына чейинки аралык 11км.
Областын борбору Каракол шаарына чейинки аралык 150км.
Жакынкы темир жол станциясы Балыкчы шаарына чейинки аралык 84км.
Жакынкы аэропорт Чолпон-Ата шаарына чейинки аралык 156км.
Деңиздин деңгээлинин бийиктиги 1200-2000м.
Айылдык өкмөтү 1996-жылы Күн-Батыш айылдык Кеңешинин базасында түзүлгөн.
Аткаруучу-тескөөчү органы 20 муниципалдык кызматкер.
Өкүлчүлүктүү орган (кеңешинин депутаттары) 11-депутат.
Айыл кеңешинин төрагасы-Коңурбаев Медетбек Турдубаевич.

### Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары

- Мандат жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссия. Комиссиянын төрайымы-Жанпеишева Эркингүл.
- Бюджеттик комиссия.Комиссиянын төрагасы- Турсунбаев Алмаз
- Агрардык маселелер боюнча комиссия. Комиссиянын төрагасы- Муратбек уулу Назар
- Социалдык маселелер боюнча комиссия. Комиссиянын төрагасы-Тыналиев Чолпонбай

Аймактагы калктын саны 2013-жылдын 1-январына карата 5373 адам болсо, 2014-жылдын 1-январына карата 5443 адамды түзүп, 2013-жылдын 1-январына салыштырмалуу 0,98 % өсүш болду.

| | Баары | анын ичинен айылдарда | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Эшперов | Ак-Сай | Көк-Сай | Жер-Үй |
| Баары: | **5443** | **2068** | **2025** | **844** | 506 |
| Жынысы боюнча: | | | | | |
| Эркектер. | **2820** | **1067** | **1046** | **440** | 267 |
| Аялдар. | **2623** | **1001** | **979** | **404** | 239 |
| Жашы боюнча: | | | | | |
| 0-7 жаш. | **875** | **315** | **310** | **148** | 102 |
| 8-16 жаш. | **1105** | **422** | **347** | **208** | 128 |
| 17–65 жаш. | **2974** | **1168** | **1173** | **414** | 219 |
| 65 жаштан жогорулар. | **489** | **163** | **195** | **74** | 57 |
| Кары жалгыз бойлор. | **9** | **3** | **5** | **-** | 1 |
| Толук эмес үй бүлөө (атасы же энеси жок.) | **62** | **20** | **22** | **13** | 7 |
| Толук үй-бүлөөлөр. | 1053 | 419 | 369 | 145 | 120 |